Жолондун мага таекелик жагы бар эле, жолуккан жерде намыстантып, ойготуп сүйлөчү. Жакында оштук экөө менен Бишкекке барып калдым, Жолон жолугуп калды:

Унутпаймын мээримдүү жүзүңөрдү...

Биз тирүү калгандар аны унутуп бараткандайбыз, болгону чекедеги Жолон окубаган Озгур мектебине анын ысмын бердик да кутулдук,

# ЖОЛОНДУН ЭСТЕЛИГИ АК-БУУРАГА ЖАРАШМАК...



Кыргызстандын көрүнүктүү жазуучулары менен редакциядагы жолугушуу. 1967- жыл.

—И-и, оштуктар келип калыпсыңар,— деди. Саламдаштык. Алмамат Осоевди таанып турам, ыр жазат, а бу жигитти таанымбай турам, ким?

—Жаңыдан жазып жүргөндөрдөн, ысмы Төрөжан Бактакунов.

Жолон мени имере тиктеди да:—Ушул экөөнүн эң кыйыны сенсиңби?-деди.

Берки экөө да, мен да күлүп жибердик, анын минткени "Ийинге кире албай жатып, артыңа калбыр байлабай эле жүрсөңчү" дегени эле. Чындыгында ошондой болчу, өзүмдүн китебимди чыгара албай жатып, тигил экөөнү кыйын болуп ээрчитип алганыма бушайман болдум, азыр да эстеген сайын ичимден күлүп алам. Көрсө, жакшы адамдар өлбөйт экен, бир гана алардын арабызда болбогону гана болбосо, тирүү ; сени менен кадимкидей сүйлөшөт, бирге жүрөт.

А Жолон болсо муну мурда тирүүсүндө эле байкап жазып кетиптир:
Сүйөм тааныш, бейтааныш кишилерди,
Оо, кишилер, адилет ишиңерди.
Кайткыс сапар жөнөсөм кош болгула

алэми акын окуп билим алган Маяковский мектебине ысмын берүүдөн корктук.

Маматибраим Жаныбеков деген жаш акын Жолондун ырларын окуп, аны көрө албай калганын мага канча жолу кайгырып айтып, бир күнү редакцияга кабар көтөрүп келиптир:

—Жапар аке, Жолон Мамытовдун ысмын Ош шаарындагы облустук китепканага берсек сонун болор эле, анан кийинчерээк ошо китепкана жайланышкан имараттын сол тарабына, Сулайман тоосунун тамаанына Жолондун бюстун коюп койсо, кандай гана жарашып калар эле. Мында келишкен студенттер, акындын поэзия кечесинде эстелигинин жанында туруп алышып ыр окушса...

Мен ушу китепкананын алдынан өткөн сайын Маматибраимдин айтканын эстейм да, ырас эле ошондой болсо деп өкүнүп калам, анын жазган макаласын жарыяладык, гезитте калып кетти.

Ошто чоңоюп, билим алыш келип, кайра Ошто иштеп, радио уктурууну түптөп, анан чакыруу менен Бишкекке барган Жолондун тагдыры шаардын 3000 жылдык маарекесине кандай байланышпай кала алат.

Биз оштук жазуучулар, окурмандар Жолон Мамытовдун эстелигин Ош шаарынын үстүндөгү Төлөйкөн айылынын кире беришиндеги Ак-Буура суусунун боюна( Мамытов атындагы көчө дал ушерден башталат) коюуну тымызын ойлоп жүрөбүз.

Жолон Мамытовдун айкели оштук талантуу айкелчи Токтобай Жумагулов мрамор таштан чеккенге куштар. Ал жакында эле Рыспай Абдыкадыровдун бюстун Сулайман тоосуна, бейит үстүнө койду, баары ыракмат айтышты.

Акырында Жолондун бул сабын эске салгым келет:
Айып бизде,
жүрүптүрбүз түшүнбөй,
Күч жок тура поэзия күчүндөй,
Акын үчүн бул дүйнөдө өлүм жок,
Жазган ыры элде калган бүтүндөй...

**Абдыжапар ЖЭЭНБЕКОВ,**
**жазуучу.**